**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы**
**эсептик чен өлчөмүн 10 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды**

Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 28-сентябрында эсептик чен өлчөмүн 200 базистик пунктка, жылдык 10,00 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды.

2015-жылдын январь-август айларында орун алган экономикалык өсүш көрсөткүчтөрү (6,8 пайыз), эң оболу «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн күч алышы менен шартталган. «Кумтөрдү» эске албаганда, ички дүң өнүмдүн айкын өсүш арымы 4,5 пайыз чегинде катталган.

Ошондой болсо да, тышкы соода операцияларынын көлөмүнүн жана акча которуу агымынын кыскарышы орун алууда, буга Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнүн улуттук валюталарынын нарксызданышы да түрткү берүүдө. Тышкы финансы рынокторунда сакталып турган туруксуздук жогоруда белгиленген факторлор менен бирге өлкөнүн ички валюта рыногуна басымдын күчөп жатышын шарттаган негизги себептердин биринен болгон жана ал кыска мөөнөттүк жана орто мөөнөттүк мезгил аралыгында инфляциялык басымды күчөтүшү ыктымал.

Өтүп жаткан жылдын сентябрь айынын орто ченинде инфляция жылдык мааниде алганда бир ай мурдагы 5,8 пайызга салыштырганда, 6,2 пайызды (18ине карата) түзгөн.

Болжолдонуп жаткан инфляциялык процесстерди эске алуу менен Улуттук банк өлкө экономикасында түптөлгөн жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде акча-кредит саясатынын тиешелүү чараларын көрүүнү улантат. Акча-кредит саясаты орто мөөнөттүк аралыкта инфляцияны 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп турууга багытталат, ал эми бул Улуттук банктын орто мөөнөттүк мезгилге акча-кредит саясатынын негизги багыттарында аныкталган.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 26-октябрына пландаштырылган.